**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин «Клиникалык дисциплиналар 2» кафедрасынын тарбия иштерине жооптуу окутуучусу тарабынан уюштурулган кураторлук тайпалар менен жолугушуунун ондуруштук протоколу**

---

**08.04.2024г.**

**Торайым:** м.и.к. доцент М. М. Бугубаева;
**Катчы:** Замирбек к. А.:
**Катышкандар:** 10 окутуучу 18 студент;
**Отулуучу жай:** корпус Димедус.

**Кун тартиби:**

1. **Студенттердин коомдо өзүн алып жүрүүсү, укуктары жана милдеттери жөнүндө түшүндүрүү.;**
2. **Окуу процессинде студенттер үчүн жеңилдиктерди жана ыңгайлуу шарттарды түзүү боюнча сунуштарды угуу.**
3. **Ар турдуу маселелер.**

**Угулду:** Отурумдун төрайымы кафедра башчы м.и.к., доцент М. М. Бугубаева жыйындын катышуучуларына отурумдун кун тартиби тааныштырып отту. Андан сон кафедранын тарбия иштерине жооптуу окутуучусу Ж. М. Эралиевага соз берди.

**Созго чыкты:** кафедранын тарбия иштерине жооптуу окутуучусу Ж. М. Эралиева өз созундо, кафедранын кураторлору менен биргеликте 4-курстардын кураторлук тайпаларынын старосталары үчүн атайын уюштурулган жолугушуунун максаты жана мааниси тууралуу кеңири маалымат берди. Ал жолугушуунун негизги максаты студенттер менен түз байланыш түзүү, алардын окуу процессиндеги көйгөйлөрүн, муктаждыктарын угуу жана тарбиялык иштердин натыйжалуулугун жогорулатуу экендигин белгиледи.

Жолугушуунун жүрүшүндө студенттерге коомдо өзүн туура алып жүрүү маданияты, жарандык жоопкерчилик, ички тартип эрежелери, ошондой эле студенттердин укуктары жана милдеттери тууралуу кеңири жана түшүндүрмөлүү маалымат берилди. Мындан сырткары, студенттердин билим алуу процессинде ыңгайлуу жана натыйжалуу шарттарды түзүү максатында окуу жайдын Негизги билим берүү программасына (НББП) байланыштуу өз пикирлерин, сунуштарын жана сунуш-пикирлерин эркин билдирүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөндүгү белгиленди.

**Созго чыкты:** Окутуучу Н. А. Алимованын кураторлук Инл-18-20 тайпасынын старостасы **Gupta Rahul Kumar** өз сөзүндө студенттердин СӨАИни (студенттердин өз алдынча аткаруучу иштери) жакшыртуу, ошондой эле илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүү максатында макала жазууга багытталган атайын практикалык сабактарды окуу планына киргизүү зарылдыгын белгиледи. Ал мындай сабактар студенттердин аналитикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүп, илимий изилдөөлөргө кызыгуусун арттырарын билдирди.

Окутуучу Г. Ж. Осмонованын кураторлук Инл-20-20 тайпасынын старостасы Pareek Bharat өз сөзүндө студенттердин коомдо, саламаттык сактоо мекемелеринде, базарларда жана күнүмдүк турмушта эркин жана так пикир алышуусун камсыз кылуу максатында

Scanned with CamScanner

кыргыз тилин үйрөтүүгө багытталган кошумча атайын окуу курстарын уюштуруу сунушун киргизди. Ал бул сунуш чет өлкөлүк студенттердин социалдык адаптациясын жакшыртууга өбөлгө түзөрүн белгиледи.

Ассистент-окутуучу Эндеш кызы Гулсаранын куратордук Инл-24-20 тайпасынын старостасы Zeeban Sheikh Riyaz өз сөзүндө студенттерди MCI сынагына даярдоо максатында атайын тесттик тапшырмаларды иштеп чыгуу, практикалык даярдыкты күчөтүү жана тармактык адистерди, конок-лекторлорду көбүрөөк чакыруу маанилүү экендигин билдирди. Анын айтымында, мындай иштер студенттердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга өбөлгө түзөт.

**Отурумдун төрайымы токтом кылат**

**1. Тарбиялык жана түшүндүрүү иштери боюнча:**
Кафедранын тарбия иштерине жооптуу окутуучусуна (Ж. М. Эралиева) жана кураторлорго: Студенттердин коомдук жайларда өзүн алып жүрүү маданиятын, ички тартип эрежелерин жана этикалык нормаларды сактоосу боюнча түшүндүрмө иштерин күчөтүү; студенттердин укуктары менен милдеттерин туруктуу негизде маалымдап туруу милдеттендирилсин.

**2. Окуу процессин жана илимий ишмердүүлүктү өнүктүрүү боюнча:**
Студенттердин (Gupta Rahul Kumar) сунушу эске алынуу менен, СӨАИнин (СРСП) натыйжалуулугун жогорулатуу жана студенттерди илимий макала жазуу көндүмдөрүнө үйрөтүү максатында атайын дисциплиналар (КПВ) НББП сунуш катары киргизилсин.

**3. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана социалдык адаптация боюнча:**
Чет өлкөлүк студенттердин клиникалык базаларда жана коомдук жайларда эркин баарлашуусу үчүн кыргыз тили боюнча кошумча ийримдерди жана тилдик курстарды уюштуруу маселеси каралсын. Бул боюнча тиешелүү тил кафедралары менен биргеликте иш алып баруу окуу бөлүмүнө сунушталсын.

**4. Профессионалдык квалификацияны жогорулатуу (MCI даярдоо) боюнча:**
Бүтүрүүчүлөрдү эл аралык квалификациялык сынакка (MCI) даярдоону сапаттуу камсыз кылуу максатында:

- Окуу процессине сынакка багытталган тесттик тапшырмаларды интеграциялоо;
- Практикалык көндүмдөрдү күчөтүү үчүн алдыңкы адистерди жана конок-лекторлорду чакыруу иштери активдештирилсин.

**Төрайым: м.и.к., доцент** **М. М. Бугубаева**

**Катчы:** **Замирбек кызы Айзат**

Scanned with CamScanner

| № | Аты жону | Даражасы | Колу |
|---|---|---|---|
| 1 | М. М. Бугубаева | каф. башчы | |
| 2 | Замирбек к. А. | методист | |
| 3 | Осмонова Г. Ж. | окутуучу | |
| 4 | Мухтарали к. Б. | окутуучу | |
| 5 | Эндеш к. Г. | окутуучу | |
| 6 | Алимова А. | окутуучу | |
| 7 | О. Турсунова | окутуучу | |
| 8 | Абдрасулова | окутуучу | |
| 9 | Расбаева | окутуучу | |
| 10 | Маматова | окутуучу | |
| 11 | | | |
| 12 | | | |
| 13 | | | |
| 14 | | | |
| 15 | | | |
| 16 | | | |
| 17 | | | |
| 18 | | | |
| 19 | | | |
| 20 | | | |
| 21 | | | |
| 22 | | | |
| 23 | | | |
| 24 | | | |
| 25 | | | |
| 26 | | | |

Scanned with CamScanner